КАРАЛДЫ
педагогикалык кеңештин
№____ _______________
«_____»__________2019-ж

БЕКИТЕМ
Актилек жалпы билим берүү
орто мектебинин директору
_______ Суранчиев К.Т.

# Эмгек талаштар боюнча комиссиянын (ЭТК) жобосу


1. Жалпы жоболор

2. Жеке эмгек талаштардын кароонун жана чечимдерди кабыл алуунун тартиби

3. Эмгек талаштары боюнча комиссиянын чечимдерин аткаруу

4. Корутунду жоболор


## 1. Жалпы жоболор

- Бул жобо КР эмгек мыйзамдарына, КР ЭК 415-беренесинин 42-главасына ылайык иштелип чыкты. Анын негизинде Ысык-Ата районундагы Актилек жалпы билим берүү орто мектетин уюмдардагы жеке эмгек талаштарын кароо үчүн эмгек талаштарын кароо боюнча комиссиялар түзөт.
- Жеке эмгек талаштары болуп эмгек мамилелеринде турган (же мурда турган) жумуш берүүчү менен жумушчунун ортосунда төмөнкү маселелер боюнча жөнгө салынбаган кайчы пикирлер таанылат:
  - жумушчуга жаны жумуш шарттарын белгилөө же бар болгон шарттарын өзгөртүү;
  - эмгек жөнүндө мыйзамдарды, макулдашууларды, жамаатык келишимди, уюмдун локалдуу ченемдик актыларын, ошондой эле эмгек келишиминин шарттарын колдонуу;
- Эмгек талаштары боюнча комиссия өзүнүн ишинде КР эмгек кодексини КР мыйзамдарын жана ченемдик-укуктук актыларын, ошондой эле бул жобону жетекчиликке алат.
  Эмгек талаштары боюнча комиссия КР ЭК421-беренесине ылайык түздөн-түз сотто кароо тартиби каралган талаштардан башка, Бишкек шаарындагы №79жалпы билим берүү орто мектеби уюмдарда пайда болгон жеке эмгек талаштарын карайт.
  Эмгек талаштары боюнча комиссия жумушчулардын өкүлчүлүктөрү органынын алдын ала макулдугу талап кылынган КР ЭК48-беренесинде каралган бошотуу жөнүндө маселелерди карабайт.
- Эмгек талаш боюнча комиссиялар уюмдарда жумушчулардын жана жеке жумуш берүүчүнүн демилгеси боюнча, жумушчулардын жана жумуш берүүчүнүн бирдей сандагы өкүлдөрүнөн түзүлөт. Жумушчулардын өкүлдөрү жумушчулардын өкүлчүлүктүү орган тарабынан делегацияланат, кийин жалпы жыйында бекитилет. Жумуш берүүчүнүн өкүлдөрү мектеп директору тарабынан дайындалат.
  Уюмдун эмгек талаштары боюнча комиссиянын ишмердүүлүгү жалпы педагогикалык кенештин бекитилген жобо менен жөнгө салынат.
  Эмгек талаштары боюнча комиссия өзүнүн курамына комиссиянын төрагасын, төраганын орун басарын жана катчысын шайлайт. Коомиссиянын мүчөлөрүн 4төн бга чейинки сандагы адамдан шайлоо сунушталат.

- ✓ Актилек жалпы билим берүү орто мектебинин администрация жетекчилери менен педагогикалык жамаат жана башка кызматкерлер ортосундагы жеке эмгек талаштарын кароо үчүн Актилек жалпы билим берүү орто мектебинин алдында эмгек талаштары боюнча комиссия түзүлүүсү мүмкүн.

**Жеке эмгек талаштарын кароонун жана чечим кабыл алуунун тартиби**

- ✓ жумушчу жеке эмгек талашын чечүү үчүн эмгек талаштары боюнча комиссияга өзүнүн укуктары бузулгандыгы тууралуу билген күндөн баштап 3айдын ичинде, ал эми жумуштан бошотуу жөнүндө талаштар боюнча-бошотуу жөнүндө буйрук менен тааныштырылган күндөн же эмгек китепчеси берилген кундөн баштап 1 айдын ичинде кайрыла алат.
- ✓ Эмгек талаштары боюнча комиссияга түшкөн жумушчунун арызы көрсөтүлгөн комиссия тарабынан атайын журналга милдетүү түрдө каттоого жатат. Эмгек талаштары боюнча комиссия жеке эмгек талашын жумушчу арыз берген күндөн баштап 10 күндүк мөөнөттө кароого милдетүү.

  Талаш арыз берген жумушчунун катышуусунда каралат. Жумушчу жок болгон учурда талашты кароого жазуу жүзүндөгү арыз боюнча гана жол берилет. Жумушчу комиссиянын отурумуна келбеген учурда арызды кароо кийинкиге жылдырылат. Жүйөөлү себептери жок экинчи жолу келбей койгон учурда комиссия арызды кароону алып салуу жөнүндө арызын эмгек кодексине жана бул жободо белгиленген мөөнөттөрдө(3ай ал эми жумуштан бошотуу жөнүндө талашта 1 ай) кайталап берүү укугунан ажыратпайт.
- ✓ эмгек талаштары боюнча комиссиянын эгер ага жумушчулардын өкүлдөрүнүн шайланган мүчөлөрдүн жарамынан аз эмес жана жумуш беүүчүдөн шайланган мүчөлөрдүн жарымынан аз эмес катышканда ыйгарым укутуу болуп эсетелет.

  Эмгек талаштары боюнча комиссиянын отурмунда протокол жүргүзүлөт, ага кароо процессинде катышкан комиссиянын мүчөлөрүнүн баары кол коюшат.

  Эмгек талаштары боюнча комиссия отурумга күбөлөрдү алып келүүгө, адистерди чакырууга укуктуу. Комиссиянын талабы боюнча мектеп жетекчиси белгиленген мөөнөткө зарыл документтерди берүүгө милдетүү

  Эмгек талаштары боюнча комиссия отурумга катышкан комиссиянын мүчөлөрүнүн жөнөкөй көпчүлүк добушу менен чечим кабыл алат. Эгер комиссиянын мүчөлөрүнүн добуштары тен экиге бөлүнсө, комиссия чечим чыгаруу мүмкүн эместиги жөнүндө протокол түзүүсү керек, ал эми эмгек талаш жөнүндө билдирген тарап сотко кайрылууга укуктуу
- ✓ эмгек талаштары боюнча комиссиянын чечиминде төмөнкүлөр көрсөтүлөт:

  - уюмдун аталышы, комиссияга кайрылган жумушчунун Ф.А.А кызматы, кесиби же адистиги;

  - комиссияга кайрылган жана талаш каралган күндөр,талаштын мазмуну(манызы)

  -комиссиянын мүчөлөрүнүн жана отурумга катышкан башка адамдардын фамилиялары , аттары, аталарынын аттары

  -чечим жана анын негиздемеси (мыйзамага же башка ченемдик укуктук актыга шилтеме берүү менен).
- ✓ Эмгек талаштары боюнча комиссиянын чечиминин тиешелүү түрдө күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрү чечим кабыл алынган күндөн баштап 3 күндүк мөөнөттө жумушчуга жана уюмдун жетекчисине тапшырылат

  **Эмгек талаштары боюнча комиссиянын чечимдерин аткаруу**

- ✓ Эмгек талаштары боюнча комиссиянын чечимине даттануу мөөнөтү ал чыгарылган учурдан баштап 10 күндү түзөт. Бул мөөнөт өткөндө чечим мыйзамдуу күчүнө кирет жана үч күндүн ичинде аткарылууга жатат. Эгер чечим бул мөөнөттө аткарылбаса,комиссия жумушчуга аткаруу документи болуп эсептелген күбөлүк берет. Күбөлүккө эмгек талаштары боюнча комиссиянын төрагасы жана анын орун басры кол коет.
- ✓ КР "Аткаруу өндүрүшү жөнүндө жан КР сот аткаруучуларыны макамы жөнүндө" мыйзамынын 15-беренесинин 1-пунктунун 8-пунктчасына ылайык талаштар боюнча комиссиялардын чечимдеринин негизинде берилген күбөлүк аткаруу документи болуп эсептелет. Эмгек талаштары боюнча комиссия тарабынан берилген жана жумушчу анын алган күндөн баштап үч айдан кечиктирбестен көрсөткөн мындай документтин негизинде сот аткруучусу комиссиянын чечимин аткарат.
- ✓ КР "Аткаруу өдүрүшу жөнүндө жана КР сот аткаруучуларынын макамы жөнүндө" мыйзамынын 16-беренесинин 1жана 2-пунктарына ылайык күбөлүктө төмөнкүлөр көрсөтүүлүсү керек экендиги каралган;
- Аткаруу документтин берген органдын аталышы
- Аткаруу документи берилген иш жана материалдар,алардын номерлери
- Органдын аткарууга тийиш болгон акты кабыл алынган күн
- Өндүрүүчү-уюмдун жана карыз-уюмдун аталышы, алардын юридикалык даректери жана банк реквизиттери,өндүрүүчү жарандын жана карыз жарандын Ф.А.А алардын жашаган орду, карыз-жарандын туулган күнү жана туулган жери, иштеген жери
- Органдын актынын резолюция коюлган бөлүгү
- Акт күчүнө кирген күн
- Аткаруу документи берилген күн жана аны аткарууга берүү мөөнөтү

**Корутунду жоболор**

- ➢ Жеке эмгек талашы эмгек талаштары боюнча комиссия тарабыан 10 күндүк мөөнөттө каралбаган учурда, жумушчу сотко тиешелүү доо арыз берип кайрылуу менен талашты кароону сотко өткөрүүгө укуктуу. Мындай укук КР ЭК420-беренесине ылайык бир гана жумушчу берилген, жумуш берүүчүгө мындай укук берилген эмес
- ➢ Эмгек талаштары боюнча комиссиянын чечими жумушчу менен жумуш берүүчүгө берилген күндөн баштап 10 күндүк мөөнөттө жумушчу менен жумуш берүүчү сотко кайрылуу менен алчечимге даттана алышат
- ➢ Бул жободо каралбагандардын баары Кыргыз Республикаснынын эмгек кодекси менен жөнгө салынат.